УДК: 373.3

*Өмүрзакова Г., окутуучу
ОшМУ, Кыргызстан*

# ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ТОПТОГУ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН УЛУТТАР АРАЛЫК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛООНУН КОМПОНЕНТТЕРИ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

*Башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгы – бул окуучунун мотивациялык, когнитивдик, иш-аракеттик жана баалоочу-мазмундук компоненттерди жана критерийлерди камтыган касиети. Окуучулардын негизги критерийлери төмөндөгүлөр: окуучунун өз улутун жана өлкөбүздө жашаган улуттарды билиши, алардын каада-салты, маданияты, улуттук баалуулуктарына кызыгуусу; башка улуттардын баалуулуктары боюнча түшүнүктөрүн кеңейтүүгө умтулушу ж. б. Мына ушуга ылайык, башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын жогорку, орто, төмөн деңгээлдери бар.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *башталгыч класстардын окуучулары, улуттар аралык маданият, мотивациялык, когнитивдик, иш-аракеттик жана баалоочу-мазмундук компоненттер, критерийлер, улуттук баалуулуктар, кызыгуу.*

*Омурзакова Г., преподаватель
ОшГУ, Кыргызстан*

# КОМПОНЕНТЫ И КРИТЕРИИ ВОСПИТАНИЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ МЕЖНАЦИОНАЛЬНОЙ КУЛЬТУРЕ В ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНОЙ ГРУППЕ

*Воспитанность младших школьников межнациональной культуре – это характеристика учащегося, включающая в себя мотивационный, познавательный, деятельностный и оценочно-содержательный компоненты и критерии. Основные критерии для студентов следующие: студент знает свою национальность и другие народности, проживающие в нашей стране, их обычаи, интересы к культуре, национальным ценностям; стремление к расширению понимания ценностей других национальностей и др. В соответствии с этим уровень образованности младших школьников в области межнациональной культуры бывает высоким, средним и низким.*

***Ключевые слова:*** *младшие школьники, межнациональная культура, мотивационный, познавательный, деятельностный и оценочно-содержательный компоненты, критерии, национальные ценности, интерес.*

*Omurzakova G., lecturer
Osh state university, Kyrgyzstan*

# COMPONENTS AND CRITERIA FOR EDUCATION OF JUNIOR SCHOOLCHILDREN IN INTERNATIONAL CULTURE IN THE EXPERIMENTAL GROUP

*The upbringing of junior schoolchildren in an interethnic culture is a characteristic of a student, which includes motivational, cognitive, activity and evaluation-content components and criteria. The main criteria for students are as follows: the student knows his nationality and nationalities living in our country, their customs. interest in culture, national values; the desire to expand the understanding of the values of other nationalities, etc. In accordance with this, the level of education of younger students in the field of interethnic culture is high, medium and low.*

***Key words:*** *junior schoolchildren, interethnic culture, motivational, cognitive, activity and evaluation-content components, criteria, national values, interest.*

Мектеп социалдык институт катары улуттар аралык маданиятка тарбиялоо проблемасын чечүүдө негизи ролду ойнойт. Мектепте улуттар аралык маданиятка тарбиялоону уюштуруу процесси окуучуларды адамдын жана улуттун укуктары, улуттук жана адамзаттык баалуулуктар жөнүндө илимий билимдер системасы менен тааныштырууну, атуулдук аң-сезимди өнүктүрүүнү, улуттар аралык маданиятка тарбиялоону калыптандырууну камтыйт. Тарбиялоо процессинде окуучунун жүрүм-турумуна жогорку моралдык түрткү берүү улуттардын өз ара жакындашуусуна жана алардын социалдык-маданий иденттүүлүгүн аныктай билүүсүнө оң таасирин тийгизет. Мына ушуга байланыштуу, улуттар аралык маданиятка тарбиялоону башталгыч класстан баштоо натыйжалуу болуп саналат.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо деп мектеп окуучуларына коюлган талаптарга ылайык улут тарабынан жаралган улуттук баалуулуктарды жаш муундарга системалуу, максаттуу жана этаптуу өткөрүп берүү процессин түшүнөбүз. Ал эми улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маңызы жеке улут топтогон жана муундан муунга өтүп келе жаткан баалуулуктарды жана салттарды сактоону жана өнүктүрүүнү камсыз кылуу менен аныкталат.

Азыркы кезде изилдөөлөрдө улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун теориялык негизин аныктаган бир катар түшүнүктөрдүн көп кырдуулугу башталгыч класстын окуучуларынын бул багытта тарбиялангандыгынын деңгээлин баалоосу үчүн так критерийлердин жоктугун жаратат. Муну менен башталгыч класстын окуучуларынын жаш курагына ылайык өнүгүүсүндө, алардын башка улуттун балдары менен болгон мамилесинде, иш-аракеттеринде улуттук өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат деген ойду айта алабыз.

Башталгыч класстардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн изилдөө анын компоненттерин жана анын критерийлерин аныктоону талап кылат. Бул окуучуларды улуттар аралык

маданиятка тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун арттыруунун башкы шарты болуп саналат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээлин атайын критерийлердин жардамы менен аныктоого болот. Критерий (латынча "критерий" деген сөз "салыштыруу" дегенди билдирет) бул – белги, анын негизинде предмет же изилденип жаткан кубулуш бааланып, маанилүү жана өлчөөгө мүмкүн болгон натыйжаларды салыштырууда колдонулат

Класстан тышкаркы иштердин системасы башталгыч класстардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун потенциалына ээ экендигин байкай алдык. Класстан тышкаркы иштердин улуттар аралык маданиятты тарбиялоонун потенциалы – бул башталгыч класстардын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине, дүйнө таанымына ылайык, алгылыктуу форма жана методдорду, каражаттарды пайдаланып, алардын улуттар аралык маданиятка тарбиялануусуна таасир этүү мүмкүнчүлүгүнүн жыйындысы. Изилдөөнүн жүрүшүндө мектепте жүргүзүлгөн класстан тышкаркы иштерге ата-энелердин катышуусу (ата-эненин билим деңгээлине, социалдык статусуна жана составына, дүйнө таанымынын деңгээлине, коом жөнүндөгү көз караштарына ж. б. жагдайларына жараша), ар түрдүү каражаттарды, алгылыктуу форма жана методдорду колдонуу, педагогикалык шарттарды эске алуу окуучулардын Кыргызстан көп улуттуу өлкө экендиги жана анда жашаган улуттар, алардын улуттук баалуулуктары тууралуу билимин, көз караштарын кеңейтүүгө, өзүн көп улуттуу чөйрөдө текшерип көрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мына ушул жагдайлар башталгыч класстардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын даярдыгына таасирин тийгизет. Окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын даярдыгы – алардын өзүн идентификациялай алышы, мамилелешүү маданиятынын жана адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышы менен аныкталат. Мына ушул жагдайдан алганда, изилдөөбүздүн максаты класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын компоненттерин жана алардын деңгээлин аныктоо болду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган критерийлерге таянып, класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын жогорку, орточо жана төмөнкү деңгээлдерин аныктай алдык.

**Төмөнкү деңгээл**: башталгыч класстардын окуучуларынын өз улуту жана анын баалуулуктары тууралуу түшүнүгү начар, анын маанисин такыр эле баалай алышпайт. Бул багытта билими, билгичтиктери, көндүмдөрү жетишсиз. Улуттук баалуулуктарга карата туура багыттары жок. Окуучуларда фрагменттик билимдердин болушу улутттук баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө жардам бербейт. Аларды өлкөбүздүн улуттук составы боюнча маалымат кызыктырбайт.

**Ортоңку деңгээл**: башталгыч класстардын окуучулары улуттук баалуулуктун маанисин түшүнүшөт. Бул деңгээлдин өкүлдөрү иш-чараларга дайыма катышууга кызыгышпайт. Сунуш кылган улуттук каада-салттын негиздери жана эрежелери жөнүндө түшүнүктөрү бар, бирок аны ар дайым эле сакташпайт. Өзүнүн иш-аракетин дайыма рефлексиялай алышпайт. Өз алдынча дайыма ой жүгүртүп, өзүн дайыма өзү баалабайт. Өзүнүн мүмкүнчүлүгүн, кызыгуусун, керектөөлөрүн баалоосу начар өнүккөн. Улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын **орточо** деңгээлинин көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй мазмунга ээ:

1) улуттук аң-сезими – улуттук негизде өзүн-өзү идентификациялоо, улуттук тарыхка жана маданиятка карата оң мамиле;

2) жалпы адамзаттык баалуулуктарды билүүгө кээде гана умтулат;

3) башка элдердин тарыхына, адабиятына, маданиятына тандалма кызыгуусу бар;

4) башка улуттардын балдары менен тынчтык, достук мамиледе, бирок кээ бир улуттарга карата жек көрүүчүлүк, алар менен карым-катнашты каалабагандык бар;

5) башка улуттун өкүлдөрү менен баарлашууда айрым учурларда кайдыгерлиги байкалат;

6) өз улутунун тарыхын, маданиятын, салттарын кызыгуу менен үйрөнүшүп, баалуулуктардын жалпы кабыл алынган системасын сактоого аракеттенет. Улуттун баалуулуктарына астейдил мамиле жасайт.

**Жогорку деңгээл** башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын мотивдеринин, максаттарынын болушу менен мүнөздөлөт, каада-салттар боюнча билими, билгичтиктиги жана көндүмдөрү бар. Башка улуттун баалуулуктары жөнүндө билүүгө умтулат. Улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын **жогорку** деңгээлинин көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй:

1) өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн аңдап билүүгө, өз улутуна кам көрүүгө багытталган туруктуу, позитивдүү көз караштары бар;

2) жалпы адамзаттык баалуулуктарды (боорукердик, сулуулук, эмгекчилдик, чынчылдык, патриоттуулук, гуманизм ж. б.) өздөштүрүүгө

жана аларды кармануууга умтулат. Улуттук тил, тарых, искусство, фольклор, дин ж. б. негизинде жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алат;

3) башка элдердин тарыхына, адабиятына, маданиятына, илимине болгон кызыгуусу туруктуу, бул тууралуу китептерден, кино тасмалардан, көргөзмөлөрдөн маалымат алышат ж. б. у. с.;

4) башка улуттун балдары менен тынчтык, достук мамилелерди өнүктүрүүнү каалайт жана алардын маданиятына, тарыхына сый-урмат менен мамиле жасайт.

Калыптандыруучу этапта (2021-2022-жж.) башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын натыйжалуулугун арттыруу үчүн максаттык, мазмундук, процедуралык параметрлерди камтыган тарбиялоо мейкиндигин уюштурууга көңүл бөлдүк. Мына ушул маселени чечүү үчүн төмөндөгү педагогикалык шарттарды эске алдык: а) класстан тышкаркы иштердин алгылыктуу форма жана методдорун колдонуу; б) класстан тышкаркы тарбиялык иштердин улуттук баалуулуктарга багытталгандыгы; в) окуучулардын өз алдынчалыгы; г) класстан тышкаркы тарбиялык иштерди турмуш жана практика менен тыгыз байланыштырууну камсыз кылуу ж. б.

Калыптандыруучу этапта төмөндөгү милдеттерди чечүүгө көңүл бөлдүк:

1) башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо менен өзүн идентификациялай билүү жөндөмүн, мамилелешүүдөгү жүрүм-турум эрежелери жөнүндө билимдерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу;

2) улуттар аралык маданиятка тарбиялоо чөйрөсүндө позитивдүү ишенимдерди калыптандыруу (өз улутунун жана башка улуттардын баалуулуктарына аяр мамиле кылуу, улуттук кадыр-баркты сыйлоо ж. б.);

3) окуучулар арасында келип чыккан улуттар аралык чыр-чатакты чечүүнүн жолдорун үйрөтүү.

Бул этапта педагогикалык шарттарды эске алуу менен өткөрүлгөн класстан тышкаркы иштердин натыйжалуулугун аныктоо үчүн дайыма мониторинг жүргүзүлүп, зарыл болгон учурда педагогикалык коррекциялоо жүргүзүлүп турду. Ушул милдеттерди чечүү үчүн педагогикалык экспериментте өлкөбүздө жашаган кыргыз, орус, өзбек, тажик, дунган, казак, уйгур жана башка улуттардын маданиятын чагылдырган балдар үчүн жазылган жомокторду, фольклордук жанрдагы чыгармаларды биргелешип окууга, элдик чыгармачылыктын көргөзмөсүнө, ыр-бийлердин конкурсуна, улуттук майрамдарга, оюндарга катышууга, үрп-адаттары жана каада-салттары менен тааныштырууга,

«Мекеним Кыргызстан» деп аталган класстык сабактардын циклин өткөрүүгө маани бердик. Бул материалдар балдардын жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө жардам берүү үчүн иштелип чыгып, алардын жаш курагына ылайыктуу эмоционалдык (юмор), моралдык (боорукердик) жана жүрүм-турум эрежелери (камкордук, өз ара жардамдашуу, этикет, меймандостук), улуттук баалуулуктар туурасында билимге ээ кылууну көздөдү. Бул феномен улуттук кыртышка түздөн-түз көз каранды болгон учурда улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Башталгыч класстын окуучуларынын өзүн идентификациялай билүү маселесин чечүү үчүн эксперименталдык класстын окуучуларынын арасында төмөндөгүлөргө көңүл бөлдүк:

1) окуучулардын өз улуту жана анын өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдерин калыптандыруу;

2) окуучуларды улуттук идентификациялоого байланышкан маалыматтарды үйрөнүүгө багыттоого;

3) башка улуттун маданиятына, тилине, каада-салтына сый мамиле жасоого тарбиялоо;

4) улуттук терс карашка жана улуттук ишенбөөчүлүккө каршы туруу жөндөмүн калыптандыруу.

Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык топтогу терс көз караштагы жана төмөнкү деңгээлдеги окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, калыптандыруучу этапта алар менен жекече иш алып барууга өзгөчө көңүл бөлүп, алардын позитивдүү көз карашын калыптандыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1) Кыргызстан көп улуттуу өлкө экендигин түшүндүрүү;

2) улуттардын тең укуктуулугу тууралуу маалыматтарга ээ кылуу;

3) улуттук маданият, каада-салт ж. б. айырмачылыктардын себептери жөнүндө билимди калыптандыруу;

4) адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга аң-сезимдүү жана сый мамиле жасоонун жүрүм-турумун калыптандыруу.

Изилдөөнүн жүрүшүндө улут, улуттук жана адамзаттык баалуулуктар жөнүндө билимдерди өздөштүрүүдө окуучулардын басымдуу бөлүгүндө улуттук стереотиптер бар экенин байкадык. Бул маселелерди чечүү үчүн улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун когнитивдик компонентин калыптандыруу үчүн эксперименталдык класстарда төмөндөгүдөй милдеттерди койдук:

1) башталгыч класстын окуучуларынын улут жана анын каада-салты, тили, маданияты, тарыхы ж. б. түшүнүктөрүн тереңдетүү;

2) улуттар аралык мамилелер чөйрөсүндө позитивдүү ишенимдерди калыптандыруу (улуттук баалулуктарга аяр мамиле кылуу, башка улуттар менен тилектештик, улуттук кадыр-баркты сыйлоо);

3) башка улуттун балдары менен өз ара мамилелериндеги жүрүм-турумдун нормалары жана эрежелери жөнүндө билимдерди калыптандыруу;

4) улуттар аралык чыр-чатактан чыгуунун жолдорун үйрөтүү.

Эксперименталдык класстардын окуучуларынын мына ушул багыттарда билимдерге ээ болушу, өз кезегинде, алардын башка улуттун балдары менен мамиле түзүү маданиятынын нормалары жөнүндө түшүнүктөрүнүн, баа берүүлөрүнүн жана акырында ишенимдеринин калыптанышына өбөлгө түздү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларынын арасында башка улуттун балдары менен мамилелешүүсүндө жүрүм-турумундагы чектен чыккан көрүнүштөрдү байкай алдык. Мына ушуга байланыштуу, эксперименталдык класстын окуучуларында улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун практикалык компонентин калыптандырууга басым жасап, бул максатта төмөндөгү милдеттерди чечтик:

1. адеп жана анын мааниси жөнүндө түшүнүктөрүн тереңдетүү;
2. мектеп жайгашкан аймактагы улуттардын каада-салты жана аны сактоонун эрежелерин өздөштүрүү;
3. башка улуттагы балдар менен адептүү, сылык, достук мамиле жасоонун көндүмдөрүн калыптандыруу.

Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо оң тенденцияны көрсөткөнүнө карабастан, улуттар аралык окуяларды талкуулоодо аларга кээде бир жактуу мамиледе болуп, аларды үйрөнүүгө карата мотивациясы жок. Алар жеке адамдардын жүрүм-турумуна баа берип, улуттук негизде келип чыккан чыр-чатактарды жеңүү формаларын тандоодо негизделген мотивациясы жок болгондуктан, дайыма эле ишенимдүү боло бербейт. Мына ушуга байланыштуу, эксперименталдык класстардын окуучуларынын мотивациялык компоненттерин өнүктүрүү максатында төмөндөгү милдеттерге көңүл бөлүндү:

1) өзүнүн жана башка улуттун баалуулуктарын үйрөнүүгө кызыгуусун калыптандыруу, өркүндөтүү;

2) башка улуттардын балдары менен чыр-чатактарды чечүүгө даярдыгын күчөтүү;

3) башка улуттун балдары менен мамиле түзүү жана өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн күчөтүү.

Башталгыч класстын көпчүлүк окуучулары башка улуттун балдары менен баарлашууну каалашат. Бирок алардын башка улуттун баалуулуктары туурасындагы жетишсиз түшүнүктөрү жана алардын өзгөчөлүктөрүн баалай алышпагандыгы улуттар аралык маданиятты тарбиялоого тоскоол боло тургандыгын байкай алдык. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык класстардын окуучуларынын баалоочу-маанилик компоненттерин калыптандыруу үчүн төмөндөгү милдеттерге көңүл бөлдүк:

1) улуттук баалуулуктар жөнүндө маалыматтарга ээ кылуу;
2) өзүнүн жана башка улуттун инсандарынын ишмердүүлүгү жөнүндө баалуулуктарды өркүндөтүү;
3) башка улуттардын балдары менен ар түрдүү иш-чараларга катыштыруу;
4) улуттук өзгөчөлүгүн сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүү;
5) өзүнүн жана башка улуттук маданияттарга сыйлоо сезимин калыптандыруу;
6) башка улуттун балдарынын жетишкендиктерин кабыл алуу жана кубаттай билүү.

Эксперименталдык топтун окуучулары менен ушул маселелерди чагылдырган класстан тышкаркы иштерди уюштурууда башталгыч класстын мугалимдери башка улуттун каада-салты, маданияты, улуттук баалуулуктары ж. б. у. с. маселелер менен тааныштырууда балдар үчүн жазылган адабияттарды, ММК, маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн, элдик педагогиканын каражаттарын ж. б. у. с. материалдарды пайдаланышып, эксперименталдык топтун ата-энелерин тарбиялык иш-чараларга системалуу катыштырып, алардын мамилешүү маданиятынын тажрыйбасына ээ болушуна, позитивдүү сезимдерин калыптандырууга көңүл бөлдүк. Максаттуу жүргүзүлгөн класстан тышкаркы иштердин системасы башталгыч класстын окуучуларынын конкреттүү кырдаалдарды, окуяларды, кубулуштарды талдоо жана адекваттуу чечимдерди кабыл алуу жөндөмүн өркүндөтүүгө багытталган.

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун структуралык компоненттеринин өнүгүү динамикасын изилдедик. Аныктоочу этапта эки топто тең улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун компоненттеринин деңгээли, негизинен, бирдей экендигин 1-таблицадан көрө алабыз. Мына ушуга байланыштуу, калыптандыруучу этапта эксперименталдык класстар үчүн ар бир компонентке жараша конкреттүү милдеттерди койдук.

**1-таблица. Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын даярдыгынын компоненттеринин жана критерийлеринин деңгээлдери (% менен)**

| Топтор / Компонент-тер | Эксперименталдык топ (281окуучу) | | Текшерүүчү топ (283 окуучу) | |
|---|---|---|---|---|
| | Эксп. чейин | Эксп. кийин | Эксп. чейин | Эксп. кийин |
| Когнитивдик | | | | |
| Жогору | 12% | 44 % | 14 % | 25 % |
| Орто | 37 % | 34 % | 39 % | 43 % |
| Төмөн | 51 % | 22% | 47 % | 32 % |
| Мотивациялык | | | | |
| Жогору | 15% | 47 % | 17 % | 28 % |
| Орто | 55 % | 34 % | 56 % | 49 % |
| Төмөн | 30 % | 19% | 28 % | 23 % |
| Иш-аракеттик | | | | |
| Жогору | 19 % | 47 % | 20 % | 31 % |
| Орто | 59 % | 44 % | 56 % | 50 % |
| Төмөн | 22 % | 9 % | 24 % | 19 % |
| Баалоочу-жыйынтыктоочу | | | | |
| Жогору | 16% | 49% | 13% | 30% |
| Орто | 46% | 40% | 44% | 45% |
| Төмөн | 38% | 11% | 43% | 25% |

1-таблицадан эксперименталдык топтогу башталгыч класстын окуучуларынын арасында максаттуу жүргүзүлгөн класстан тышкаркы иштердин натыйжасында алардын улуттар аралык маданиятка тарбиялануусуна даярдыгынын компоненттеринин жана критерийлеринин деңгээли бир кыйла өзгөргөндүгүн көрө алабыз. Эксперименталдык класстардын окуучулары улуттар аралык маданиятка байланышкан төмөндөгү жагдайларды баса белгилешкен: Кыргызстан көп улуттуу өлкө экендигин; кандай улуттар жашай тургандыктары, алардын каада-салты, маданияты ж. б. маселелер боюнча жакшы маалыматы бар экендигин; адеп-ахлак жөнүндө, жалпы жүрүм-турум эрежелерин; башкалар менен мамиле түзө ала тургандыктарын, алар тууралуу жакшы пикирлерин ж. б. Алар башка улуттагы балдар менен достук мамиле түзүүгө умтулушкан. Бул жагдайды окуучулардын теориялык маалыматтарга, практикалык

көндүмдөргө ээ болгондугу менен байланыштыра алабыз. Текшерүүчү топтордун окуучулары улуттар аралык мамилелешүү жөнүндө төмөндөгүдөй пикирди – «балдар менен дос болуу, алар менен чатакташпоо, аларды колдоо керектигин...» – белгилешкен. Алар өлкөбүздө жашаган улуттар, алардын каада-салты, маданияты ж. б. у. с. маселер тууралуу толук кандуу айтып бере алышпайт.

Мугалимдердин окуучуларга улут, улуттук баалуулук, мамилелешүү маданиятына байланышкан түшүнүктөрдүн маанисин түшүндүрүүсү, алардын иш-аракетинин мотивдештирилиши, педагогикалык шарттарды колдонуусу, балдардын ишмердүүлүгүнүн өзүн-өзү өнүктүрүүгө багыт алышы, тарбиялык иштердин системалуу жүргүзүлүшү класстан тышкаркы иштердин тарбия, багыт берүүдөгү натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатат.

**Адабияттар:**

1. Адылбек кызы Гүлназ Влияние национально-психологических факторов на поликультурное воспитание младших школьников: Автореф. дис. ... канд. пед. наук: (специальность 13.00.01. - Бишкек, 2005. - 23 с.
2. Асипова Н. А. Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников. -Бишкек: Илим, 1994. -109 с.
3. Асипова Н. А. Взаимосвязь интернационального и нравственного воспитания в школах с несколькими языками обучения. - Фрунзе: Мектеп, 1988. - 64 с.
4. Асипова Н. А. Культурологический подход как теоретическая основа формирования культуры межнационального общения // Вестник КГНУ, 1995. - С. 121-125.
5. Асипова Н. А. Межкультурные коммуникации и поликультурное образование. – Бишкек, 2015. -233 с.
6. Гасанов 3. Т. Воспитание культуры межнационального общения: методология, теория, практика. - Махачкала: Эпоха, 2000. - 338 с.
7. Карыпкулов А. К. Интернациональное воспитание в средней школе в условиях обновления советского общества. -Бишкек: Мектеп, 1991. - 140 с.
8. Комаров В. П. Культура межнационального общения // Народное образование. - 1993. - № 5. - С. 65–67.
9. Хайруллин Р. З. Формирование культуры межнационального общения и толерантности в молодежной среде // Мир психологии. - 2009. -№3. - С. 85-93.